МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ**

наименование регистрирующего органа

# СВИДЕТЕЛЬСТВО

## О ГОСУДАРСТВЕННОЙ ПЕРЕРЕГИСТРАЦИИ ЮРИДИЧЕСКОГО ЛИЦА

**4340-3300-У-е** — регистрационный номер

**21181508** — код ОКПО

**02712199510190** — идентификационный налоговый номер

**Бишкек** — город (село)

**18 января 2019 г.**

**Фирменное наименование юридического лица**
Учреждение
Кыргызско-Турецкий университет «Манас»

**Организационно-правовая форма**
Учреждение

**Местонахождение (адрес)** Кыргызская Республика, г. Бишкек, пр. Ч. Айтматова, д.56

**Дата первичной государственной регистрации**
27 декабря 1995 года

серия ГПЮ

№ 0033478

**Заместитель министра** — руководитель

**М.К. Есеналиев** — имя, фамилия

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ

ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ

каттоочу органдын аталышы

# ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТЫ МАМЛЕКЕТТИК КАЙРА КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

# КҮБӨЛҮК

4340-3300-М-е
каттоо номеру

21181508
ИУЖК коду

02712199510190
идентификациялык салык номери

Бишкек
шаары

2019-ж. 18-январы

**Юридикалык жактын фирмалык аталышы**
Кыргыз-Түрк «Манас» университети мекемеси
**Уюштуруучулук-укуктук формасы**
Мекеме

**Жайгашкан жери (дареги)** Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Ч. Айтматов пр., 56-үй

**Алгачкы мамлекеттик каттоо датасы:**
1995-ж. 27-декабры

сериясы ГПЮ

№ 0033478

Министрдин орун басары
жетекчиси

М.К. Есепалиев
аты, фамилиясы

| Критерийлер | Көрсөткүчтөр | Бар/Жок |
|---|---|---|
| **1.** Окумуштуулар кеңешинин же илимий-техникалык кеңештин | **1.2.** Окумуштуулар кеңешинин курамы Университеттин Уставынын 9-беренесинде көрсөтүлгөн негизде түзүлөт. | |
| | **1.5.** Окумуштуулар кеңешинин иштөө тартиби Университеттин Уставынын 9-беренесинде жазылган. | |

**1.2.-1.5.**

**Окумуштуулар кеңеши**
**9-берене**

Окумуштуулар кеңеши университеттин академиялык органы болуп саналат. Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы университеттин Ректору болуп саналат. Окумуштуулар кеңешинин курамы проректорлор, факультеттин декандары, институт жана жогорку мектептин мудүрлөрү менен бирге ар бир факультеттен факультеттик кеңеш тарабынан 3 жылга шайланган бирден мүчөдөн түзүлөт.

Окумуштуулар кеңеши ар бир окуу жылынын башында жана аягында, жылда эң аз 2 жолу жыйынга чогулат.

Ректор зарыл учурда Окумуштуулар кеңешинин кезексиз отурумун чакыра алат.

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ | | ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
|---|---|---|

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2018-жылдын 2-июлу, № 309

**Бишкек шаарында 2012-жылдын 23-августунда кол коюлган Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Түркия Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин уставына тиешелүү меморандумду бекитүү жөнүндө**

Мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында, «Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Бишкек шаарында 2012-жылдын 23-августунда кол коюлган Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Түркия Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин уставына мамлекеттик тилде тиркелген тиешелүү меморандум бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги түркия тарапка аталган Меморандумдун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө кабарласын.
3. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги аталган Меморандумду ишке ашырууга жооптуу орган болуп аныкталсын.
4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **М.Д.Абылгазиев**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппараты / Аппарат Правительства Кыргызской Республики
Регламент, иш кагаздарын жүргүзүү жана контролдоо бөлүмү №1
Отдел регламента, делопроизводства и контроля

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ МЕНЕН ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН УСТАВЫНА ТИЕШЕЛҮҮ МЕМОРАНДУМ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Түркия Республикасынын Өкмөттөрү (мындан ары «Тараптар» деп аталат) тарабынан 2011-жылдын 26-апрелинде Анкара шаарында кол коюлган "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Түркия Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин андан аркы иши жөнүндө келишимди" ишке ашыруу үчүн төмөндөгүлөр боюнча макулдашышты:

## 1-берене

Тараптар, 1995-жылдын 17-декабрындагы Бишкекте кол коюлган «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Түркия Республикасынын Өкмөттөрүнүн жооптуу кызматкерлеринин ортосунда Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставынын текстине тиешелүү Меморандум" жана анын тиркемесиндеги "Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставынын" ордуна мына ушул меморандум жана "Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставы (мындан ары "Устав" деп аталат) боюнча макулдашышты. Аталган Устав ушул Меморандумдун күчүнө кирген күндөн тартып өз күчүнө кирет.

## 2-берене

Бул Меморандумга түшүндүрмө берүүдө жана аны иш жүзүнө ашырууда келип чыккан талаш-тартыштар Тараптардын ортосундагы дипломатиялык каналдар аркылуу чечилет.

## 3-берене

Бул Меморандум, Тараптар Меморандумдун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор аткарылгандыгы жөнүндө жазуу жүзүндөгү соңку билдирүүнү дипломатиялык каналдар аркылуу алган күндөн тартып күчүнө кирет жана 2011-жылдын 26-апрелинде Анкара шаарында кол коюлган "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Түркия Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин андан аркы иши жөнүндө келишими" иштеп жаткан мөөнөтүндө жарактуу деп эсептелинет. Аталган келишим жокко чыгарылган учурда бул Меморандум дагы жокко чыгарылды деп эсептелинет.

Бул Меморандумдун күчүнө кириши менен 1995-жылдын 17-декабрындагы Бишкекте кол коюлган «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Түркия Республикасынын Өкмөттөрүнүн жооптуу кызматкерлеринин ортосунда Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставынын текстине тиешелүү Меморандум" жана анын тиркемесиндеги Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставы" жокко чыгарылат.

Бул Меморандум 2012-жылдын 23 күнү августунда шаарында кыргыз жана түрк тилдеринде ар бири эки нускада даярдалды жана эки тилдеги тексттер бирдей юридикалык күчкө ээ болгон нускаларына кол коюлду.

| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан | Түркия Республикасынын Өкмөтүнүн атынан |
| --- | --- |
| Канат Садыков | Омер Динчер |
| Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим Министри | Түркия Республикасынын Билим берүү Министри |

# КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН УСТАВЫ

1995-жылдын 30-сентябрында Измир шаарында кол коюлган «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Түркия Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргыз Республикасынын борбору Бишкек шаарында «Манас» атындагы Кыргыз-Түрк университини түзүлүшүнө байланыштуу Келишимге ылайык Кыргыз-Түрк Манас университети түзүлгөн (мындан ары – Университет).

Университеттин уюштуруучулары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Түркия Республикасынын Өкмөтү болуп эсептелет.

Университеттин юридикалык жана фактык дареги: 720044, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Тынчтык проспекти, 56, телефон: 541942.

Университет юридикалык жак статусуна ээ жана ушул сапатта өзүнчө балански, Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлөрдүн банктык жана кредиттик мекемелеринде улуттук жана чет өлкөлүк валютадагы өзүнүн эсептешүү эсебине, Кыргыз Республикасынын жана Түркия Республикасынын мамлекеттик гербдин сүрөтү жана кыргыз жана түрк тилдеринде өзүнүн аталышы бар мөөргө ээ болот.

Университет Кыргыз Республикасынын жана Түркия Республикасынын мамлекеттик түрүндөгү жогорку билим жөнүндө дипломдорун берет.

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

### Максаты, алкагы жана негизи

#### Максат
#### 1-берене

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставынын максаты - Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасы боордош түрк тилдүү элдеринин билим берүү курагына жеткен жаштарын бир жерге топтоо менен бир университетте эл аралык заманбап билим берүүнүн талаптарына ылайык билим алууга жана боордош түрк тилдүү мамлекеттер ортосундагы ынтымак, биримдик сезимдерин калыптандыруу, өзгөчө заманбап, демократиялуу жана диндин мамлекеттен тышкары болгон принциптерине терең ишенген, учурдун, келечектин талаптарына жооп бере турган деңгээлдеги билимге ээ, таланттуу, улуттук жана моралдык баалуулуктарга терең баа берген, эркин, илимий ой жүгүртүү жөндөмүнө, дүйнөгө болгон көз карашы түз, коомчулуктун алдындагы жоопкерчилигин сезген, адам укуктарын сыйлаган, дене түзүлүшү келбеттүү, акыл-эси толук, руханий жан дүйнөсү бай, сезимтал, ден-соолугу бекем, жаратман инсандарды тарбиялоо максатында Кыргызстандын борбору Бишкек шаарында курулган Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин юридикалык жак жана илимий өз алдынчалыкка ээ билим берүү уюму катары түзүлүшү, башкаруусу жана окуу-тарбия иштери менен байланышкан принциптерин жана негиздерин аныктайт.

#### Алкагы
#### 2-берене

Бул Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставы университеттин бардык түзүмдөрүн жана ишкердүүлүк тармактарын ичине камтыйт.

**Негизи**
**3-берене**

Бул, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставы 2011-жылдын 26-апрелинде Анкара шаарында кол коюлган "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Түркия Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин андан аркы иши жөнүндө келишимдин" (мындан ары "Келишим" деп аталат) негизинде түзүлгөн.

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ
## Жогорку башкаруу органдары

**Камкорчулар Кеңеши**
**4-берене**

Камкорчулар кеңеши университеттин эң жогорку чечим чыгаруу органы болуп саналат.

Университеттин жалпы башкаруу ишин жүргүзүү максатында биргелешип административдик башкаруу принцибине ылайык Камкорчулар кеңеши эки тараптан дайындала турган 8 кишиден түзүлөт. Камкорчулар Кенешинин Төрагасы жана 3 (үч) мүчөсү түрк Тарабынан 3 тараптуу (Президенттин, Премьер-министрдин жана Министрдин) чечим менен дайындалат. Аталган чечим Түркия Республикасынын Жогорку Билим Берүү Комитетинин сунушунун негизинде Түркия Республикасынын Улуттук агартуу министрлиги тарабынан даярдалат.

Кеңештин калган 4 мүчөсү Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин сунушу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими менен дайындалат.

Кеңешке мүчө болуу мөөнөтү беш жыл. Камкорчулар кенешинин мүчөлөрүнүн бири кандайдыр бир себептер менен кызматынан кеткен учурда кийинки мүчөнү дайындоо дал ушул эле тартип менен ишке ашырылат.

Камкорчулар кеңешинин төрагасы жана мүчөсү негизги ээлеп турган кызмат ордунан кеткен учурда автоматтык түрдө кеңештин төрагалыгынан же мүчөлүгүнөн чыккан болуп эсептелет.

Камкорчулар Кеңеши бир жылда кеминде 2 жолу жыйын өткөрөт. Жыйын өткөрүү күнү жана жери Камкорчулар кенешинин төрагасы тарабынан аныкталат. Жыйынды өткөрүү үчүн кворум 5 кишиден кем болбошу керек, добуштар "макул" жана "каршы" деп билдирилет. Добуштардын саны бирдей болуп калган учурда Камкорчулар кенешинин төрагасынын добушу 2 добуш болуп эсептелет.

Университеттин Ректору жана Биринчи проректору Камкорчулар кеңешинин жыйындарына катышышат, көз карашын билдиришет, бирок, добуш берүү укуктарына ээ эмес.

**Камкорчулар Кеңешинин милдеттери**
**5-берене**

Камкорчулар кеңешинин милдеттери төмөндөгүлөр:

(1) Камкорчулар кеңешинин иштөө принциптерин жана негиздерин жоболор аркылуу аныктоо;

(2) Ректорлук же Камкорчулар кеңешинин мүчөлөрүнүн биринининин сунушу менен жаңы факультет, институт, жогорку мектеп, илимий изилдөө борбору, бөлүм же адистиктерди ачуу, жабуу же бириктирүү;

(3) Академиялык жана административдик кызмат орундарын аныктоо жана академиялык жана административдик кызмат орундары үчүн төлөнө турган минималдуу жана максималдуу айлык маяна өлчөмдөрүн белгилөө.

(4) Университеттин академиялык жана административдик кызматкерлеринин келишимдеринин негиздерин жана иштөө шарттарын аныктоо;

(5) Университеттин жылдык иш планын аныктоо жана эки тараптын өкмөттөрү каржылай турган төлөмдөргө ылайык Ректорлук даярдаган университеттин бюджетин карап чыгып, бекитүү, зарыл учурларда текшерүү жүргүзүү, айрыкча кийинки жыл үчүн талап кылына турган төлөмдөрдү аныктоо, май айынын сонуна чейин эки өлкөнүн өкмөттөрүнө жалпы билдирүү жасоо;

(6) Ректорлук тарабынан күн таргибине киргизилген башка маселелер боюнча чечим кабыл алуу;

(7) Бул Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставынын аркылуу Окумуштуулар кеңешине берилген милдеттерден тышкары, аталган Уставдын ишке ашырылышы менен байланышкан материалдык, административдик жана академиялык маселелер боюнча тийиштүү жоболорду кабыл алуу;

(8) Жыл сайын университеттин бир жылдык ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы боюнча отчетту календардык жылдын аягында Түркия Республикасынын Улуттук агартуу министирлигине, Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетине жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлигине таанышуу үчүн сунуштоо.

**Текшерүү комиссиясы**
**6-берене**

Университеттин башкаруу, каржы жана билим берүү иштерин текшерүү иши Тараптардын дайындаган 4төн мүчөдөн түзүлгөн Текшерүү комиссиясы тарабынан бир жылда кеминде бир жолу жүргүзүлөт. Бул Комиссиянын мүчөлөрү Камкорчулар Кеңешинин мүчөлөрүн дайындоо тартибине ылайык 5 жылга дайындалат. Текшерүү комиссиясынын төрагасы 2 жылда бир жолу кезектешүү менен Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүнүн арасынан Тараптар тарабынан аныкталат.

Текшерүү комиссиясы Камкорчулар кеңешинин сарптоолорун жана башка ишмердүүлүгүн да текшерет.

Текшерүү кеңешинин бирден мүчөсү эки тараптын Финансы министрлигинин бюджеттик маселелер боюнча кызматкерлеринин ичинен дайындалат.

Камкорчулар кеңеши өзү белгилеген мөөнөт ичинде университетте илимий, административдик жана каржы багытта текшерүүлөрдү жүргүзөт жана бул максатта ички текшерүү органын түзө алат.

Ар жылы жүргүзүлө турган текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча түзүлгөн отчеттун бирден нускасы Түркия Республикасынын Улуттук агартуу министрлигине, Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетине жана Кыргыз

Республикасынын Билим берүү жана илим министирлиги менен Камкорчулар Кеңешинин Төрагасына таанышуу үчүн сунушталат.

Түркия Республикасынын Улуттук агартуу министрлигинин атынан Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин төрагасы менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри зарыл деп тапкан учурларда ар дайым кошумча текшерүү жүргүзүү талабын коё алышат.

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ
## Университеттин органдары

### Ректор жана Биринчи проректор
### 7-берене

Ректор жана Биринчи проректор келишимде белгиленген шарт боюнча 4 жылдык мөөнөткө дайындалат. Мөөнөтү аяктаган Ректор жана Биринчи проректор кайрадан дайындалышы мүмкүн. Ректордун Биринчи проректордон сырткары 3төн ашпаган орун басарлары (проректорлор) болот. Проректорлор Биринчи проректордун пикирин эске алуу менен Ректор тарабынан 4 жылдык мөөнөткө дайындалат. Ректордун кызмат мөөнөтүнүн бүтүшү менен анын орун басарларынан (проректорлордун) да кызмат мөөнөттөрү аяктайт.

Университеттин административдик, финансы жана окуу-тарбия иш-аракеттери Ректор тарабынан Биринчи проректордун пикирин эске алуу менен жүргүзүлөт жана бул иш-аракеттерге тиешелүү иш кагаздарына Ректордун колу менен бирге Биринчи проректордун колу коюлат.

Ректор кызмат ордунда жок болгон учурда Биринчи проректор, экөө тең кызмат ордунда болбогон учурда ректордун орун басарларынын (проректорлордун) бири Ректордун милдетин аткаруучу болуп дайындалат. Ректордун милдетин аткаруучу ректордун орун басары (проректор) Ректордун укуктарына жана жоопкерчиликтерине ээ болот.

### Ректордун милдеттери
### 8-берене

Ректор (Камкорчулар кеңеши тарабынан белгиленген милдеттерден сырткары) университеттин бардык административдик жана академиялык маселелерин чечүүдөгү университеттин жооптуу өкүлү жана финансы маселелери боюнча жогорку жооптуу жетекчиси болуп саналат. Ректор кызмат ордунда жок болгон учурда финансылык маселелер боюнча жоопкерчилик ректор тарабынан Биринчи проректорго же проекторлорго жүктөлөт.

Ректордун милдети, ыйгарым укуктары жана жоопкерчиликтери төмөндөгүлөр болуп саналат:

(1) Университеттин кеңештеринде төрагалык кылуу, Камкорчулар Кенешинин чечимдерин ишке ашыруу, университеттин кеңештеринде түшкөн сунуштарды талдап, тийиштүү чечимдерди чыгаруу жана университеттин түзүмдөрүнүн ортосундагы туруктуу иш жүргүзүүнү камсыз кылуу;

(2) Ар бир окуу жылынын аягында жана зарыл болгон учурларда университеттин окуу-тарбия, илимий изилдөө, басмага чыгаруу жана коомчулукка кызмат көрсөтүү боюнча иш-чаралары тууралуу Камкорчулар Кеңешине баяндама (отчет) сунуштоо;

(3) Университеттин тийиштүү түзүмдөрүнүн жана университеттин Окумуштуулар кеңеши менен Башкаруу кеңешинин сунуш жана пикирлерин эске алуу менен инвестициясы боюнча программаларды, бюджет жана кызмат орундарына болгон муктаждыктарын Камкорчулар Кеңешине сунуштоо;

(4) Биринчи проректордун макулдугу менен туура деп тапкан учурларда университеттин курамына кирген бөлүмдордөгү жана түзүмдөрдөгү окутуучулардын жана административдик кызматкерлердин кызмат орундарын алмаштыруу же аларды жаңы орундарга дайындоо;

(5) Университеттин түзүмдөрүнүн жана бардык баскычтагы кызматкерлеринин иш-аракеттерине жалпы көзөмөл жана текшерүү жүргүзүү;

(6) Камкорчулар Кеңеши тарабынан бекитилген башкаруу структурасына ылайык Биринчи проректордун пикирин эске алуу менен жетекчилердин ыйгарым укуктары менен функционалдык милдеттерин аныктоо;

(7) Бул Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставынын негизинде өзүнө жүктөлгөн тийиштүү ыйгарым укуктарын аткарат.

Ректор университеттин жана тийиштүү бөлүмдөрүнүн окутуу базасын рационалдуу колдонуу жана өнүктүрүү, студенттерге керектүү социалдык кызматтарды көрсөтүү, зарыл учурларда коопсуздук чараларын көрүү, окуу-тарбия, илимий изилдөө, басмага чыгаруу жана коомчулукка кызмат көрсөтүү иш-чараларынын университеттин курулуш максатына жана принциптерине ылайык пландаштырылып ишке ашырылышында, илимий, башкаруу жана финансылык көзөмөл жүргүзүүдө жана бул милдеттерди төмөнкү баскычтагы түзүмдөргө өткөрүп берүүдө көзөмөлдөөгө жана текшерүүгө, тиешелүү натыйжага жеткирүүгө биринчи даражадагы ыйгарым укугуна ээ жана булардан жооптуу болуп саналат.

## Окумуштуулар кеңеши
## 9-берене

Окумуштуулар кеңеши университеттин академиялык органы болуп саналат. Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы университеттин Ректору болуп саналат. Окумуштуулар кеңешинин курамы проректорлор, факультеттин декандары, институт жана жогорку мектептин мүдүрлөрү менен бирге ар бир факультеттен факультеттик кеңеш тарабынан 3 жылга шайланган бирден мүчөдөн түзүлөт.

Окумуштуулар кеңеши ар бир окуу жылынын башында жана аягында, жылда эн аз 2 жолу жыйынга чогулат.

Ректор зарыл учурда Окумуштуулар кеңешинин кезексиз отурумун чакыра алат.

## Окумуштуулар кеңешинин негизги милдеттери
## 10-берене

Университеттин жогорку академиялык органы болгон Окумуштуулар кеңешинин негизги милдеттери төмөндөгүдөй:

1. Университеттин окуу-тарбия, илимий изилдөө жана басып чыгаруу ишмердүүлүгүнүн негиздерине байланыштуу чечимдерди кабыл алуу;
2. Университеттин жылдык окуу программасын жана академиялык календардык планын карап чыгып, бекитүү;

3. Диплом берген түзүмдөрдүн окуу программаларын жана алар боюнча өзгөртүүлөрдү бекитүү;

4. ЖОЖдон кийин билим берүүгө байланыштуу негиздерди аныктоо;

5. 2 жылдык жана 4 жылдык билим берүү программасы боюнча студенттердин сабакка катышуу, ара сынактардын саны жана алардын студенттин алган баасына тийгизен таасири; практика, сынак жана кайра тапшыруу сынактары сыяктуу шарттардын негиздерин белгилей турган инструкцияларды бекитүү;

6. Студенттер үчүн жүрүм-турум интрукциясын бекитүү;

7. Университеттин түзүмдөрүнүн арасындагы мамилелерди жөнгө салуу;

8. Бир жылда бир жолу Ректорлук тарабынан даярдалган университеттин ишмердүүлүгүнүн отчетун талкуулоо, тийиштүү сунуштарын киргизүү;

9. Факультеттердин башкаруу кеңештеринин өзгөчө стипендия жана ардактуу академиялык наамын ыйгаруу боюнча сунуштарын карап чыгып, бекитүү (Университеттин стипендия боюнча инструкциясы, Университеттин ардактуу академиялык наам ыйгаруу жобосу);

10. Факультет кеңештери жана Ректорлукка караштуу институт жана жогорку мектеп кеңештеринин чечимдери менен макул болбогон жагдайларын иликтөө жана чечимдерди кабыл алуу;

11. Университеттин Башкаруу кеңешине мүчө тандоо;

12. Ректорлук сунуштаган маселелер боюнча пикир алышуу жана чечимдерди чыгаруу.

## Университеттин Башкаруу кеңеши
## 11-берене

Университеттин Башкаруу кеңеши Ректордун жетекчилиги менен декандар, институт жана жогорку мектептер менен университетке караштуу ар кандай академиялык түзүмдөрдү өкүлчүлүк кылган 5 профессордон турат жана 3 жылга шайланышат. Биринчи проректор университеттин Башкаруу кеңешинин анык мүчөсү болуп саналып, добуш берүү укугуна ээ болот. Башка проректорлор добуш берүүгө укугуна ээ болбостон, университеттин Башкаруу кеңешинин чогулуштарына катыша алат.

## Университеттин Башкаруу кеңешинин милдеттери
## 12-берене

Университеттин Башкаруу кеңешинин милдеттери:

1. Башкаруу кеңеши менен Окумуштуулар кеңешинин чечимдерин иш жүзүнө ашырылышында атайын белгиленген план жана программалар боюнча Ректорго жардам берүү;

2. Университетке караштуу түзүмдөрдүн сунуштарын эске алуу менен инвестиция программаларын, бюджеттин долбоорун карап чыгуу жана өз сунуш-пикирлери менен Ректорлукка сунуу;

3. Университеттин башкаруу иштерине байланыштуу Ректордун койгон маселелери боюнча чечим кабыл алуу;

4. Факультет, институт, жогорку мектептердин башкаруу кеңештеринин чечимдери менен макул болбогон жагдайларын талдоо менен жыйынтыктоочу чечимин чыгаруу;

5. Аталган Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Уставынын чегинде ректорлук тарабынан сунуштаган маселелерди талкуулап чечим кабыл алуу.

**Факультеттер**
**13-берене**

Факультеттердин органдарына - деканат, факультет кеңештери жана факультеттин башкаруу кеңеши кирет.

**Декандар**
**14-берене**

Факультет жана түзүмдөрдүн өкүлдөрү болгон декандар ректорлуктун сунушу менен Камкорчулар кеңеши тарабынан 3 жылга шайланат. Ар бир декан өз милдетин аткарууда өзүнө жардамчы катары 2ден ашпаган окутуучуну 3 жылга дайындоо үчүн Ректорлукка сунуштайт. Декандын орун басарлары Биринчи проректордун пикирин эске алуу менен Ректор тарабынан дайындалат. Декандардын кызмат мөөнөтү аяктаганда орун басарларынын да мөөнөттөрү да аяктаган болуп саналат. Мөөнөттөрү аяктаган декандар кайрадан шайлануу укугуна ээ.

Декандар кандайдыр бир себептерден улам өз милдетин аткара албай калган учурда анын милдетин орун басарларынын бири аткарат. Аталган учурда декандын дайындоо мөөнөтү 6 айдан ашып кетсе жаңы декан дайындалат.

Декандар дайындоо усулдарына ылайык, керектүү учурларда кызматтан бошотулушу мүмкүн.

**Декандардын милдеттери**
**15-берене**

1. Факультет кеңештерине жетекчилик кылуу, факультет кеңештеринин чечимдерин иш жүзүнө ашыруу жана факультет түзүмдөрүнүн ортосунда үзгүлтүксүз иш жүргүзүүнү камсыз кылуу;

2. Ар бир окуу жылдын соңунда жана талап кылынган учурунда факультеттин жалпы абалы жана иш-аракеттери тууралуу Ректорлукка отчет берип туруу;

3. Факультеттин каржы жана кадрдык муктаждыктарын Ректорлукка билдирүү, факультеттин бюджети боюнча билдирүүнү Факультет башкаруу кеңешинин пикирин алгандан соң Ректорлукка тапшыруу;

4. Факультеттин түзүмдөрүнүн жана бардык кызматкерлеринин иш-аракеттерине жалпы көзөмөл жүргүзүү милдетин аткаруу;

5. Бул Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставы менен кошо өзүнө тапшырылган башка милдеттерди аткаруу.

Декандар, факультеттин жана ага караштуу түзүмдөрдүн билим берүү потенциалын рационалдуу түрдө пайдалануу жана жогорулатуу, керектүү учурларда коопсуздук чараларын көрүү, студенттерге тийиштүү социалдык кызматтарды көрсөтүү, окуу-тарбия, илимий изилдөө жана басма иш-аракеттерин иреттүү түрдө ишке ашыруу, бардык иш-аракеттерге көзөмөл жана текшерүү иштерин жүргүзүүгө, контролдоого, тиешелүү натыйжа алууга Ректордун алдында биринчи даражадагы жооптуу адам болуп саналат.

## Факультеттин кеңештери
## 16-берене

Факультет кеңештери декандын жетекчилигинде факультетке караштуу бөлүмдөр менен факультеттеги профессорлордун ичинен - 3, доценттердин арасынан - 2, доценттин милдетин аткаруучуларынын арасынан - 1 окутуучудан тандалган курамдан 3 жылга түзүлөт.

Факультет кенештери семестрдин башында жана аягында чогулушат.

Декан зарыл учурда факультеттин кеңешин жыйынга чакыра алат.

Факультет кеңештери академиялык орган катары аткара турган милдеттери:

1. Тиешелүү факультеттин окуу-тарбия, илимий изилдөө жана басма иш-аракеттерине байланыштуу жоболор, план, программа жана окуу процессинин графиги боюнча чечимдерди кабыл алуу;
2. Факультеттин башкаруу кеңешине мүчө шайлоо;
3. Бул Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставы менен кошо өзүнө тапшырылган башка милдеттерди аткаруу.

## Факультеттин Башкаруу кенеши
## 17-берене

Факультеттин башкаруу кеңештери декандардын жетекчилиги астында Факультет кеңеши 3 жылга шайлана турган 3 профессор, 2 доцент жана 1 доценттин милдетин аткаруучудан турган курамдан түзүлөт. Декандын орун басарлары Факультеттин башкаруу кеңешинин жыйынына добуш берүү укугу болбостон катыша алышат.

Факультет башкаруу кеңештери декандын чакыруусу менен чогулушат.

Факультет Башкаруу кеңештери зарыл болгон учурларда убактылуу иш топторун, окуу-тарбия координаторлуктарын түзө алышат жана алардын милдеттерин жөнгө салышат.

Факультет башкаруу кеңештерине деканга административдик иш-аракеттерде жардам көрсөтө турган орган катары төмөнкү милдеттер жүктөлөт:

1. Факультет кеңешинин чечимдеринин негизинде бекитилген жоболорду ишке ашырууда деканга жардам көрсөтүү;
2. Факультеттин окуу-тарбия, план жана программалары менен бирге академиялык календарынын аткарылышын камсыз кылуу;
3. Факультеттин инвестиция, программа жана бюджетинин долбоорун даярдоо;
4. Студенттерди кабыл алуу, окуу программасына сабактарды киргизүү жана чыгаруу менен окуу-тарбия жана сынактарга тиешелүү иштер боюнча чечим кабыл алуу;
5. Декандын факультет башкаруу боюнча сунуштаган иштерине карата чечимдерди кабыл алуу;
6. Бул Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставы менен кошо өзүнө тапшырылган башка милдеттерди аткаруу.

**Институттар**
**18-берене**

Институттардын органдары, институт мүдүрлүгү, институт кеңеши жана Институт башкаруу кеңеши саналат.

Институттун мүдүрлөрү Биринчи проректордун пикирин эске алуу менен Ректор тарабынан 3 жылга шайланат. Кызмат мөөнөтү аяктаган институттун мүдүрү кайрадан дайындала алат.

Ар бир институт мүдүрүнүн университеттин штатындагы окутуучулардын ичинен 3 жылдык мөөнөткө дайындалган 2 орун басары болот. Институттун мүдүрүнүн орун басарлары институт мүдүрүнүн сунушунун негизинде Биринчи проректордун пикирин эске алуу менен Ректор тарабынан дайындалышат. Институт мүдүрлөрүнүн убактылуу кызмат мөөнөтү бүткөндө орун басарларынын кызмат мөөнөтү да аяктайт.

Институт мүдүрлөрүнүн милдетин аткарууда же институт мүдүрүнүн кызматтан бошотулушунда аткарыла турган иштер декандардыкы сыяктуу ишке ашырылат.

Институт мүдүрлөрү, ушул Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставына ылайык декандарга жүктөлгөн милдеттерди, институттун алкагында аткарышат.

Институт мүдүрлөрүн, кызматка бекитүү усулдарына ылайык, керек болгон учурларда кызматтан четтетүү да мүмкүн.

Институт кеңештери, институт мүдүрүнүн жетекчилиги астында, институт мүдүрүнүн орун басарларынан жана адистик тармак жетекчилеринен түзүлөт.

Институттун башкаруу кеңеши, институт мүдүрүнүн жетекчилиги астында, институт мүдүрүнүн орун басарлары жана институттун бөлүм башчылары тарабынан сунушталган 6 талапкердин ичинен 3 жылдык мөөнөткө шайланган 3 окутуучудан түзүлөт.

Институт кеңеши жана башкаруу кеңеши бул Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставына ылайык факультет кеңештери жана факультет башкаруу кеңештерине жүктөлгөн милдеттерди институттун алкагында аткарат.

**Жогорку мектептер**
**19-берене**

Жогорку мектептердин органдары, жогорку мектептин мүдүрлүгү, Жогорку мектептин кеңеши жана Жогорку мектептин башкаруу кеңешинен турат.

Жогорку мектептердин мүдүрлөрү, Биринчи проректордун пикирин эске алуу менен Ректор тарабынан 3 жылдык мөөнөткө дайындалат. Мөөнөтү аяктаган мүдүрлөр кайрадан шайлануу укугуна ээ.

Ар бир жогорку мектеп мүдүрүнө университеттин окутуучулар жамаатынын арасынан 3 жылдык мөөнөткө 2ден ашпаган орун басар бекитилет. Жогорку мектеп мүдүрүнүн орун басарлары, жогорку мектептин мүдүрүнүн сунушу жана Биринчи проректордун пикирин эске алуу менен Ректор тарабынан бекитилет. Жогорку мектептин

мүдүрүнүн кызмат мөөнөтү аяктаганда, анын орун басарларынын да кызмат мөөнөтү аяктайт.

Жогорку мектептин мүдүрүнүн милдетин убактылуу аткарууда же ал кызмат ордунан бошогон учурда жасала турган иштер, декандык кызмат сыяктуу жүргүзүлөт.

Жогорку мектептин мүдүрлөрү, кызматка бекитүү усулдарына ылайык, керек болгон учурларда кызматтан четтетилиши да мүмкүн.

Жогорку мектептин мүдүрлөрү, ушул Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставында каралган, декандарга жүктөлгөн милдеттерди жогорку мектептин алкагында аткарышат.

Жогорку мектептин кеңештери, жогорку мектептин мүдүрүнүн жетекчилиги астында, жогорку мектептин мүдүрүнүн орун басарларынан жана жогорку мектептин бөлүм башчыларынан түзүлөт.

Жогорку мектептин кеңеши, жогорку мектептин мүдүрүнүн жетекчилиги астында, жогорку мектептин мүдүрүнүн орун басарлары жана жогорку мектептин бөлүм жана программа башчылары тарабынан сунушталган 6 талапкердин арасынан 3 жылдык мөөнөткө шайланган 3 окутуучудан түзүлөт.

Жогорку мектептин кеңеши жана башкаруу кеңеши ушул Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставында каралган, факультет кеңештери жана факультеттердин башкаруу кеңештерине жүктөлгөн милдеттерди жогорку мектептин алкагында аткарат.

**Бөлүмдөр**
**20-берене**

Бир эле факультетте же жогорку мектепте бирдей же окшош адистик боюнча билим берген бөлүмдөрдү ачууга болбойт.

Бөлүмдөр бөлүм башчылары тарабынан башкарылат.

Бөлүм башчылары, бөлүмдө иштеген профессор, профессор болбосо доцент, доцент болбосо ага окутуучулардын арасынан, факультеттин деканы, жогорку мектептин мүдүрүнүн сунушу жана дагы Биринчи проректордун пикирин эске алуу менен Ректор тарабынан 3 жылдык мөөнөткө бекитилет. Мөөнөтү аяктаган бөлүм башчылары кайрадан шайлануу укугуна ээ.

Бөлүм башчылары ордуна убактылуу милдетин аткаруучу кылып окутуучулардан бирөөнү калтырууга укуктуу.

Кандайдыр бир себептерден улам, 6 айдан ашуун мөөнөткө кеткен учурда, калган мөөнөткө жогоруда көрсөтүлгөн ыкма менен жаңы болүм башчысы дайындалат.

Бөлүм башчылары, бөлүмдө жүргүзүлгөн баардык деңгээлдеги окуу-тарбия жана илимий-изилдөө иш-чараларынын туруктуу жана натыйжалуу ишке ашырылышынан жооптуу болуп саналат.

Тийиштүү учурларда бөлүм башчысын кызматтан четтетүү кызматка дайындоо усулдарына ылайык жүргүзүлөт.

**Башка түзүмдөр**
**21-берене**

Университеттин Башкаруу кеңешинин сунушу менен Окумуштуулар кеңеши тарабынан жактырылган учурда жаңы түзүмдөрдү ачууга болот.

## ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ
## Башка жагдайлар

**Окутуучулук курамы жана административдик кызматкерлер**
**22-берене**

Университеттин окутуучулар курамы университетте иштеген профессор, доцент, доценттин милдетин аткаруучу, ага окутуучу, окутуучу, адис жана кенже илимий кызматкер наамындагы адамдардан түзүлөт.

Университетте административдик жана техникалык тейлөө кызматкерлери, Камкорчулар кеңеши бекиткен административдик башкаруу схемасына жана башка кызмат орундарына жана уюштуруу негиздерине ылайык иштешет.

Окутуучулар курамы жана административдик кызматкерлер келишимдик негизде иштешет.

Түркиянын мамлекеттик окуу-жайларынан жөнөтүлө турган окутуучулар жана административдик кызматкерлер, Түркия Республикасынын тиешелүү нормативдик актыларына ылайык, 3 жылга чейинки мөөнөткө, айлык акысы сакталуу шарты менен иш сапарына жөнөтүлөт. Түркиянын мамлекеттик эмес окуу жайлары менен башка уюмдардардан келе турган окутуучулар жана административдик кызматкерлер, Камкорчулар кеңешинин талабына ылайык, Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин чечими менен тиешелүү нормативдик актыларына ылайык, 3 жылга чейинки мөөнөткө, айлык акысы сакталбастан иш сапарына жөнөтүлөт.

Аталган иш сапары боюнча жөнөтүлгөн кызматкерлердин эмгек акыларынын өлчөмү иштелип чыга турган жоболор жыйындысынын негиздерине ылайык, Камкорчулар Кеңеши тарабынан аныкталат жана алардын Кыргызстанда эмгектенген кызмат мөөнөтү Түркия Республикасынын Эмгек жана социалдык коргоо министрлигинин Социалдык камсыздоо башкармалыгына тиешелүү болот; айлык маяна шкаласынын чет өлкөдө иштегендиги үчүн төлөнүүчү компенсациядан тышкары, негизги айлык акысынан төлөнүүчү бардык социалдык коргоо төлөмдөрү университеттин бюджетинен төлөнөт. Кыргызстандагы кызматтык мөөнөтү Түркиядагы эмгек стажына кирет жана кызматтык жогорулоодо эске алынат.

Окутуучунун жана административдик кызматкердин дайындалуусу тиешелүү кызматта иштеп баштаган күнүнөн тартып 1 айдын ичинде Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетине жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигине билдирилет.

**Студенттерди тандоо**
**23-берене**

Студенттер университетке сынак менен алынат. Кирүү сынагынан өткөн Түркия Республикасы, Кыргыз Республикасы жана башка мамлекеттердин мектеп бүтүрүүчүлөрү, университетте билим алуу укугуна ээ болушат. Дал ушундай ыкма менен жождон кийинки билим берүү программасына да студенттер кабыл алынат. Студенттердин квотасы ар жыл сайын Ректорлуктун сунушу менен Камкорчулар кеңеши тарабынан бекитилет.

Түркиядан келе турган студенттер Студенттерди тандоо жана жайгаштыруу борбору тарабынан өткөрүлгөн сынак аркылуу тандалып алынат. Университеттин өзүнө таандык, объективдүү кабыл алуу сынак системасын түзүү зарыл.

Мындан сырткары университет Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бөлүнгөн квота боюнча гранттык (бюджеттик) орундарга Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгына ылайык конкурстук негизде студенттерди кабыл алат.

**Окутуу тили**
**24-берене**

Университетте окутуу кыргыз жана түрк тилдеринде жүргүзүлөт. Бирок, ректорлуктун сунушу жана Камкорчулар кеңешинин чечими менен орток же кош диплом берүүчү программалар чет тилдеринде окутулушу мүмкүн.

Ушул максатта ачыла турган даярдоо курсунда кыргыз жана түрк тилдери менен бирге башка заманбап тилдер окутулат.

Университетке кабыл алынган студенттердин ичинен түркчө билгендерине кыргыз тилинен, кыргызча билгендерине түрк тилинен сынак өткөрүлүп, аталган тилдерди жетишээрлик деңгээлде билгендиги тастыкталса, алар даярдоо курсунда окуудан бошотулушат. Университетти ийгиликтүү аяктоо үчүн кыргыз жана түрк тилдерин жакшы билүү шарт.

**Каржы булактары**
**25-берене**

Университеттин каржы булактары Түркия жана Кыргыз Республикаларынын көрсөткөн жардамдары менен биргеликте, студенттерден алына турган окуу үчүн төлөм акыларынан, демөөрчүлөрдөн келип түшкөн акча-каражаттарынан жана университеттин өз алдынча ишкердүүлүгүнүн натыйжасында түшкөн акчалай каражаттардан түзүлөт.

**Дипломдордун таанылышы**
**26-берене**

Университеттин дипломдору Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасында бирдей адистик тармактары боюнча бирдей деңгээлде билим берген билим берүү уюмдарынын дипломдоруна эквиваленттүү болуп саналып, эл аралык деңгээлде бирдей таанылып, дипломдун ээсине бирдей укуктарды берет.

**Бюджет**
**27-берене**

Бюджет, ректорлук тарабынан даярдалып, Камкорчулар кеңеши тарабынан бекитилет. Камкорчулар кеңешинин макулдугусуз, бюджетке кандайдыр бир өзгөртүү киргизүүгө болбойт. Университетти түзгөн өлкөлөрдүн бюджетинен келе турган акча каражаттары университеттин бюджетине 2 бөлүк менен которулат.

**Төлөмдөр**
**28-берене**

Камкорчулар кеңешинин жетекчиси менен мүчөлөрүнө, Текшерүү комиссиясынын жетекчиси менен мүчөлөрүнө Камкорчулар кеңеши тарабынан бекитилген тиешелүү акчалай сумма төлөнүп берилет. Камкорчулар кеңешинин жетекчиси менен мүчөлөрүнө, Текшерүү комиссиясынын жетекчиси менен мүчөлөрүнө төлөнүп бериле турган жол кире жана күнүмдүк чыгымдар Камкорчулар Кеңеши тарабынан аныкталып, университеттин бюджетинен төлөнүп берилет.

Камкорчулар кеңешинин астында ички текшерүү комиссиясы түзүлгөн учурда, комиссия мүчөлөрүнүн маяна акысынын өлчөмү, кызматкерлердин жалпы айлык маяна саясаты алкагында аныкталат.

**Уставдын жарактуулугу жана аны жокко чыгаруу**
**29-берене**

Бул, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставы кыргыз жана түрк тилдеринде ар бири эки нускада жана эки тилдеги тексттер бирдей укуктук күчкө ээ болуп, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Түркия Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргыз-Түрк "Манас" Университетинин Уставына тиешелүү Меморандуму» күчүнө кирген күндөн тартып, өз күчүнө кирет жана аталган Меморандумдун 3-беренесине ылайык жокко чыгарылат.

**Өзгөртүүлөр**
**30-берене**

Бул Кыргыз-Түрк Манас университетинин Уставына зарыл болгон учурда Тараптардын өз ара ыраазычылыгы менен дипломатиялык каналдар аркылуу жазышуу жолдору менен өзгөртүүлөр киргизилет.

**Келишпестиктердин чечилиши**
**31-берене**

Бул Уставдын жоболорунун ишке ашырылышында келип чыккан пикир келишпестиктер «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Түркия Республикасынын Өкмөтү арасындагы Кыргыз-Түрк "Манас" Университетинин Уставына тиешелүү Меморандумунун» 2-беренесине ылайык чечилет.

### 1.4. Окумуштуулар кеңешинин курамы

| № | Аты-жөнү |
|---|---|
| 1 | PhD. проф. Жейлан Алпаслан-Ректор |
| 2 | саяс.и.к. доц. Ибраев Алмаз-Биринчи проректор |
| 3 | PhD. проф. Доган Режаи-Проректор |
| 4 | PhD. проф. Карымшаков Камалбек-Проректор |
| 5 | PhD. проф. Ашык Алпаслан-Гуманитардык факультеттин декан м.а. |
| 6 | б.и.д. проф. Курманбекова Гүлбүбү-Табигый илимдер факультетинин декан м.а. |
| 7 | PhD. проф. Гүлбеяз Күршад – Көркөм өнөр факультетинин декан м.а |
| 8 | PhD. проф. Өзер Гөкхан –Экономика жана башкаруу факультетинин декан м.а. |
| 9 | PhD. проф. Айык Хасан-Теология факультетинин декан м.а. |
| 10 | PhD. доц. Үнал Угур-Коммуникация факультетинин декан м.а. |
| 11 | б.и.к. доц. Тотубаева Нурзат-Инженердик факультеттин декан м.а. |
| 12 | п.и.к. проф. Жанузаков Канат-Спорт илимдери факультетинин декан м.а. |
| 13 | PhD. проф. Бойлу Йасин-Туризм факультетинин декан м.а. |
| 14 | PhD. проф. Шен Исмаил-Ветеринария факультетинин декан м.а. |
| 15 | PhD. проф. Айгүн Ахмет-Айыл чарба факультетинин декан м.а. |
| 16 | PhD. проф. Ардыч Кадир-ЖОЖдон кийинки билим берүү инстутунун мүдүрү м.а. |
| 17 | PhD. проф. Доган Режаи-Чет тилдер жогорку мектебинин мүдүрү м.а. |
| 18 | PhD. доц. м.а. Вурал Махмут-Кесиптик жогорку мектептин мүдүрү м.а. |
| 19 | филол.и.д. проф. Сагынбаева Бурул- Гуманитардык факультеттен мүчө |
| 20 | PhD. проф. Челик Эржан- Табигый илимдер факультетинен мүчө |
| 21 | PhD. доц. Нажимудинова Сейил- Экономика жана башкаруу факультетинен мүчө |
| 22 | PhD. проф. Полат Кемал-Теология факультетинен мүчө |
| 23 | PhD. доц. Акман Эрдоган-Коммуникация факультетинен мүчө |
| 24 | т.и.к. проф. Боркоев Бакыт- Инженердик факультеттен мүчө |
| 25 | PhD. проф. Демирхан Билал- Спорт илимдери факультетинен мүчө |
| 26 | т.и.к., проф. Кыдыралиев Нурудин-Туризм факультетинен мүчө |
| 27 | PhD. проф. Шахин Митат-Ветеринария факультетинен мүчө |
| 28 | PhD. доц.м.а. Таир Эсенали уулу-Айыл чарба факультетинен мүчө |
| 29 | Ага окутуучу Жанапилов Адилет-Көркөм өнөр факультетинен мүчө |



Дареги : Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспектиси 56, Кыргызстан
Телефон : 00 996 (312) 54 19 42-47
Факс : 00 996 (312) 54 19 35
Эл.почта : manas@manas.edu.kg
Web : www.manas.edu.kg

Adres : C. Aytmatov Caddesi No:56 Bişkek/Kırgızistan
Telefon : 00 996 (312) 54 19 42-47
Faks (Belge Geçer) : 00 996 (312) 54 19 35
E-posta : manas@manas.edu.kg
Web : www.manas.edu.kg

(/)
КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ

OBİS (http://obis.manas.edu.kg/) ABİS (http://abis.manas.edu.kg/) DABİS (http://dabis.manas.edu.kg/) MABİS (http://info.manas.edu.kg/) SGB (http://sgb.manas.edu.kg/) (https://manas.edu.kg//news/3125) (https://manas.edu.kg//news/4214)

Э-куржун (http://mail.google.com/a/manas.edu.kg) МедиаМанас (http://mediamanas.kg/) Байланыш үчүн (/contacts) (http://www.facebook.com/manasuniv) (https://www.instagram.com/manasuniv)

(https://www.youtube.com/c/mediamanas) (http://twitter.com/manasuniv)

TR (/tr/index.php) RU (/ru/index.php) EN (/en/index.php)

(/)
КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ
*Университеттен да артык*

Башкы бет Тапшыруучулар Билим берүү Изилдөөлөр Студенттер Эмне үчүн "Манас"? (/about_manas/why-manas) Бүтүрүүчүлөр (http://mezun.manas.edu.kg/index.php/kg/)

- OBİS (http://obis.manas.edu.kg/)
- ABİS (http://abis.manas.edu.kg/)
- DABİS (http://dabis.manas.edu.kg/)
- MABİS (http://info.manas.edu.kg/)
- SGB (http://sgb.manas.edu.kg/)
- Э-куржун (http://mail.google.com/a/manas.edu.kg)
- МедиаМанас (http://mediamanas.kg)
- Байланыш үчүн (/contacts)

Ден соолук (https://medcenter.manas.edu.kg/kg)
Студенттер Бөлүмү (http://ogidb.manas.edu.kg/)
Сабактардын планы (http://timetable.manas.edu.kg/)
Akademik Takvim (http://oidb.manas.edu.kg/takvim.php)
Китепкана (http://library.manas.edu.kg/index.php/tr/)
Тышкы байланыштар (http://iro.manas.edu.kg/)
Иш-чаралардын жылнаамасы (http://manas.edu.kg/event)
Журналдар (http://journals.manas.edu.kg/)
Avesis (http://avesis.manas.edu.kg/)
AXSIS (https://publications.manas.edu.kg/?p=0&dil=0)
Mevzuat (https://manas.edu.kg/docs/ktmu-emevzuat.pdf?rndt=1710304877)
Diğer

# Жаңылыктар


(news/5994)


(news/5990)

## Салтка айланган “Манас” университетинин китеп басылмаларын таанытуу жумалыгы башталды (news/5994)

2024-жылдын 24-30-декабрь күндөрү Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде өткөрүлүп жаткан китеп басылмаларын таанытуу жумалыгына окутуучулар жана студе...

25.12.2024

## TURK-COSE 2024 илим дүйнөсүн Азербайжанда жолуктурду (news/5990)

Алдыңкы илимий иш-чаралардын бири болгон Эл аралык түрк дүйнөсүнүн илим жана инженердик конгресси (TURK-COSE 2024) 19-21-декабрь күндөрү Азербайжандын борбору Б...

25.12.2024


(news/5989)

### “Жылдын мыкты мугалими – 2024” республикалык сынагында ийгиликке жеткен “манастыктар” менен жолугушуу (news/5989)

Үстүбүздөгү жылдын 23-декабрында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан жана биринчи проректор, саясий и.к., д...

25.12.2024


(news/5988)

### Маданияттар аралык жолугушуу: Орхун программасынын студенттери КТМУда (news/5988)

2024-жылдын 20-декабрында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин проректору, PhD., профессор Режаи Доган Орхун алмашуу программасы жана эки тараптуу кы...

24.12.2024


(news/5986)

### Кыргыз-Түрк “Манас” университети “Таза спорт - таза жеңиш” темасын камтыган даректүү тасмалар сынагында өзгөчөлүк жаратты (news/5986)

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттигини...

24.12.2024


(news/5976)

### “Манас” университетин жетекчилиги Түрк-Кыргыз ишкерлери, маданият, тилектештик жана достук биримдиги менен жолугушту (news/5976)

2024-жылдын 19-декабрында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан жана проректор, PhD., профессор Режаи Доган Т...

20.12.2024

Башка жаңылыктар (news)

## Кулактандыруулар

(news/5997)

### ЖАЗГЫ СЕМЕСТРДИН ТИЛДЕН БОШОТУУ СЫНАКТАРЫ ТУУРАЛУУ КУЛАКТАНДЫРУУ (news/5997)

26.12.2024

(news/5954)

### Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин медициналык борборуна штаттык лаборант талап кылынат (news/5954)

17.12.2024

(news/5844)

### 14 эл аралык академиялык басмаканаларда макалаларын ачык байланыштагы журналдарда жарыялоо үчүн макала иштетүү акысы / Article Processing Charges (APC) боюнча жеңилдиктер же бошотуулар (news/5844)

27.11.2024

(news/5843)

### “Cambridge Journals Online” маалымат базасына байланыш ачылды (news/5843)

27.11.2024

(news/5768)

### Академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу системасына тапшыруу күндөрү башталды (news/5768)

15.11.2024

(news/5719)

### 2024-2025-ОКУУ ЖЫЛЫ ҮЧҮН ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛУК КУРАМДЫ ТИЕШЕЛҮҮ АДИСТИКТЕР БОЮНЧА КОНКУРСТУК НЕГИЗДЕ КАБЫЛ АЛУУ ЖАРЫЯСЫ (news/5719)

01.11.2024

Башка кулактандыруулар (announce )


"...га эң кыйыны — күн сайын Адам болуу"

Чыңгыз Айтматов



# Иш-чаралар

24.12.2024 09:00
[МАНАС КИТЕП КҮНДӨРҮ (event/468)]




17.04.2025 09:00
[V. ЭЛ АРАЛЫК ТҮРК ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫ КОНГРЕССИ (event/469)]




# Иш-чаралар




24.12.2024 09:00

[МАНАС КИТЕП КҮНДӨРҮ (event/468)]




17.04.2025 09:00

[V. ЭЛ АРАЛЫК ТҮРК ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫ КОНГРЕССИ (event/469)]

Башка иш-чаралар (/events)

# Өзүнө ишеними бекем, изилдөөчү, жаңычыл, ишкер студенттер.

Студенттик баракчаларыбыздан жана социалдык медиа тармактарыбыздан терең маалымат алсаңыздар болот.

Кенениреэк маалымат (http://students.manas.edu.kg/)

## Университет жөнүндө

Кыргыз-Түрк «Манас» университети Кыргыз Республикасы жана Түркия Республикасынын Өкмөттөрү тарабынан 1995-жылы, 30-сентябрда Измир шаарында кол коюлган «Кыргызстандын борбору Бишкек шаарында Кыргыз-Түрк «Манас» университетин ачуу боюнча эл аралык келишимдин» негизинде ачылып, 1997–1998-окуу жылынан тартып, студенттерге билим бере баштаган.

Кенениреэк маалымат (/about_manas/history)

## КТМУ сандар менен

13289

Бүтүрүүчүлөр

473

Кызматкерлер

85

Лабораториялар, Студиялар

6395

Студенттер

Кенениреэк маалымат (/about_manas/ktmu_at_a_glance)



(/)

## Байланыш үчүн

+996 (312) 54 19 41-47 (tel:#)
+996 (312) 54 19 35 (tel:#)
Чыңгыз Айтматов атындагы студенттик шаарча(Жал), 720038, Бишкек, Кыргызстан
info@manas.edu.kg (mailto:#)

## Социалдык тармактар

(http://www.f... (twitter.com/... (https://... instagram/media/manas) ...univ)

[Таанытуу тасмасы (https://youtu.be/0SWah8x555k?si=0vkKoswWY7Snev_U)]

© 2024. All Rights Reserved. Privacy Policy (privacy-policy.html)